КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ЖАЙЫЛ РАЙОНУ
К. Дербишев атындагы
Талды-Булак орто мектеби
720044, Бөксө-Жол айылы.,
Медер көчөсү., 1
ИНН 02702200410176
Тел:7.00.15

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖАЙЫЛСКИЙ РАЙОН
720044, Талды-Булакская
сш.им.К.Дербишева
с.Боксо-Жол ул.Медер 1
ИНН 02702200410176
Тел:7.00.15

27.09.20 № 137

К.Дербишев атындагы Талды-Булак орто мектебинин 2020-жылдын 25-сентябрындагы ата-энелер чогулушунун №1 протоколунун көчүрмөсү

Катышты 98

Каралуучу маселе:

1. Камкорчулар кеңешинин 2019-2020-окуу жылындагы аткарган иштери боюнча отчету.
2. 2020-2021-жаңы окуу жылына карата "Камкорчулар кеңешинин" курамын бекитүү.

Угулду:

I маселе:

1. Мектеп директору Өмүркулова А.С. Ата энелерди "Камкорчулар кеңеши" жөнүндөгү мыйзам менен тааныштырды. Мектепке ата-энелерге көрсөтүп жаткан жардамдары үчүн рахмат айтты. Өзгөчө кеңештин курамына ыраазычылык билдирди.
Мектептин профсоюз уюмунун төрайымы Айдыралиева Г. 2019-2020 өткөн окуу жылында чогулган каражат канча болгонун, анын качан, кайда жумшалганы боюнча кеңири маалымат берди. "Камкорчулар кеңешинин" фондусунун эсебинен мектепке көп жардам көрсөтүлүп жатат. Аткарылган иштердин баары мыйзамдын чегинде жүргүзүлүп жатат.
2. Ата энелер комитетинин мүчөсү Батырбашева Актан: "Камкорчулар кеңешинин" төрайымынын отчетун уктук. Канааттандырарлык иштерди жүргүзүшүптүр.

II маселе.
Мектеп директору Өмүркулова А.С. Окуучулардын билим сапатынын жакшыртылышына жана мектептин материалдык техникалык базасынын чыңдалышына көмөк көрсөтүү максатында быйылкы окуу

жылына “Камкорчулар кеңешинин” жаңы курамын, жетекчисин, секретарын жана фонддун суммасын ата-энелер сиздер менен чогуу чечип алсак. Ата энелер өз ойлорун айтып, жарыш сөздөргө чыгышты. Акырында баары бир добуштан өткөн окуу жылындай эле фонддун суммасы бир жылга 350 сом деп чечишти. Ошондой эле бир үй-бүлөдө 3 бала окуса анын бирөө фонд төлөөдөн бошотулат.
Курамдын төрайымы: Бектурганова Гулиза
Секретары: Жокешова Тинатин
Андан тышкары 12 ата-эне мүчөлөрү болуп шайланышты.

Чечим.

1. “Камкорчулар кеңешинин”2019-2020- окуу жылында аткарылган иштери “канааттандырарлык” деп табылсын.
2. “Камкорчулар кеңешинин” курамы 12 кишиден түзүлсүн.
Төрайымы: Бектурганова Гулиза.
Катчысы: Жокешова Тинатин дайындалсын.

Мектеп директору Өмүркулова А.С.